**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF THE KYRGYZ REPUBLIC**

720040, Бишкек ш., К. Тыныстанов көч., 257
Тел.: 66-24-42, факс (0312) 62-15-20

257, K. Tynystanov st., Bishkek 720040
E-mail: **minedukg@gmail.com**

720040, г. Бишкек, ул. К. Тыныстанова, 257
**http://edu.gov.kg**

**БУЙРУК** **ПРИКАЗ**

№ 390/1 2020 жылдын «26» майы

**“Алтын тамга” жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын стандарттaшкан санариптик тест түрүндө өткөрүү жөнүндө**

Республикадагы жалпы билим берүү уюмдарынын эң жакшы окуган 11-классынын каалаган бүтүрүүчүлөрү “Артыкчылык аттестатына” ээ болуу үчүн билим берүүнүн жалпы билим берүү программалары боюнча “Алтын тамга” жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын **санариптик** (он-лайн таризде) стандарттaшкан тест түрүндө өткөрүү максатында, **буйрук кылам:**

1. Билим берүүнүн жалпы билим берүү программалары боюнча “Алтын тамга” жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын санариптик стандарттaшкан тест түрүндө өткөрүү жөнүндөгү Жобо 1- тиркеме, Тест өткөрүүнүн графиги 2-тиркеме, жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын стандарттaшкан тест түрүндө өткөрүү боюнча чыгымдардын сметасы 3-тиркеме, техникалык таршырма 4-тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Жалпы билим берүү программалары боюнча “Алтын тамга” жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын стандарттaшкан санариптик тест түрүндө (мындан ары тексте СТ - “Алтын тамга”) 4 предмет боюнча:
   - Кыргыз тили жана адабияты (окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептерде);
   - орус тили жана орус адабияты (окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептерде);
   - өзбек тили жана өзбек адабияты (окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептерде );
   - алгебра жана анализдин башталышы;
   - Кыргызстандын тарыхы;
   - химия сабагы боюнча санариптик тест сынагы өткөрүлсүн.
3. Санариптик тест сынагы (он-лайн таризде) республика боюнча 2020-жылдын 12 - июнунан 20 - июнга чейин бекитилген графикке ылайык өткөрүлсүн.
4. 2020 -жылдын “Алтын тамга” тести боло турган күндүн алдындагы күнү республиканын тийиштүү аймактарынын жана шаарларынын жогорку окуу жайлары/ жалпы билим берүү уюмдарындагы тест өткөрүү жайларында ( мындан ары –ТЖ) даярдык көрүү күнү деп жарыялансын.

5. Мектеп, мектептен тышкары билим берүү башкармалыгы (М. Усеналиев) СТ "Алтын тамга" тесттин өткөрүүгө жана жыйынтыгын чыгарууну жана көзөмөл жүргүзүүнү камсыз кылсын.
6. Бишкек, Ош шаардык башкармалыктарынын, райондук /шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн, бардык типтеги, менчик түрүндөгү жалпы билим берүү уюмдарынын жетекчилери:

- XI класстын бүтүрүүчүлөрүнүн артыкчылык аттестат алуучуга талапкерлеринин тизмеси 2020-жылдын 10-июнунан кечиктирбей e-mail: altyntamga.2021@gmail.com электрондук дарегине жөнөтүшсүн;
- "Алтын тамга" тести үчүн ЖОЖ/мектеп имаратында 20 дан 40 ка чейинки окуучуну камтый турган (жыйын же спорт залдары) 1, 2 же 3 санариптик ТЖ жана ар бир талапкерге жеке орундар ж.у.с. жобого ылайык даярдашсын;
- жалпы билим берүү уюмдарында "Алтын тамга" тесттин өткөрүү процедуралары жана мөөнөттөрү жөнүндө талапкерлерге жана алардын ата-энелерине (же аларды алмаштыруучу жактарга) өз убагында маалыматтарды жеткиришсин;
- талапкерлердин өмүрүнүн жана ден-соолугунун коопсуздугуна шарт түзүүнү (талапкерлерди тест өтүүчү жайга чейин жана кайра жеткирүү боюнча жооптуу адамдын жеке жоопкерчилигин жогорулатуу, медициналык кызматкерлердин жана коопсуздук кызматынын кезектерин күчөтүү, тест өтүүчү жайлардын өрткө каршы коопсуздук жана санитардык-гигиеналык шарттарды талапка ылайык түзүү);
- "Алтын тамга" тести үчүн залдын жана класстардын жабдуусу (ток булагы бар чекиттер), ТЖны тынымсыз электр энергия менен камсыз кылуу боюнча айыл аймактарынын, район/шаардын жооптуу тараптары менен макулдашуу милдеттендирилсин.

7. Сметада каралган каражатты Бюджеттик саясат жана финансылык анализ башкармалыгы (А. Баймуратова ) бөлүп берсин.
8. Мамлекеттик сатып алуулар жана инфраструктура бөлүмү (Б.А. Кадыркулов) конкурс өткөрүү боюнча тиешелүү иштерди жүргүзсүн.
9. Бухгалтердик эсеп жана отчеттуулук бөлүмү (Б. Мураталиева) сметага ылайык тиешелүү каражатты төлөп берсин.
10. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин "Билим берүүнүн жалпы билим берүү программалары боюнча "Алтын тамга" жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын стандартташкан тесттер түрүндө өткөрүү жөнүндө" тууралуу 2019 -жылдын 15 –апрелиндеги № 423/1 буйругу күчүн жоготту деп табылсын.
11. Аталган буйрук министрликтин сайтына жана «Кут билим» газетасына жарыялансын.
12. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө министрдин орун басары Н. Джусупбековага жүктөлсүн.

**Министр** **К.А. Исаков**